
Сеит Кульматов атындагы Жаңы-Арык жалпы орто билим берүү мектеби

# Техникалык коопсуздук, өрт коопсуздугу, эмгекти коргоо боюнча инструкциялар



АК-СУУ РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ
БӨЛҮМҮ СЕИТ КУЛЬМАТОВ
АТЫНДАГЫ ЖАНЫ-АРЫК ЖАЛПЫ
ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ.

АК-СУЙСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ
ОБРАЗОВАНИЯ СРЕДНЯЯ
ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА ЖАНЫ-АРЫК,
ИМЕНИ СЕИТА КУЛЬМАТОВА

721816, Жаңы-Арык айылы
Жолдошбай көчөсү

721816, с. Жаңы-Арык
ул. Жолдошбай

№ 8 "10" сентября 2022 -жыл

Буйруктун көчүрмөсү

Сеит Кульматов атындагы Жаңы-Арык жалпы орто билим берүү мектеби.
Жаңы-Арык айылы
Өрткө каршы топ түзүү боюнча

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 1994-жылдын 19-декабрындагы "Мектептеги өз ыктыяры менен түзүлгөн өрткө каршы топторду уюштуруу жөнүндө №858 токтомунун негизинде

Буйрук кыламын:

1. Мектеп имаратын өрт коопсуздугунан сактоо максатында өрт коопсуздугу боюнча топ төмөндөгү окуучулардан жана мугалимдерден түзулсүн:
    - Асаналиева А.Ж.-директордун тарбия иштери боюнча орун басары
    - Жанайбаева Ж.М.-директордун чарба иштери боюнча орун басары
    - Осконбаев А.С.-АЧД мугалими
    - Бекжанова Э.Б.-дене тарбия мугалими
    - Алиакпарова Н.Б.-дене тарбия мугалими
2. Окуучулардан турган топко төмөндөгү окуучулар бекитилсин:
    - Эркинбеков Э.Э-10-классынын окуучусу
    - Жолдошев Ж.У-10-классынын окуучусу
    - Асанов Ж.С.-11-классынын окуучусу
    - Төрөбеков А.Н-11-классынын окуучусу
3. Түзүлгөн ыктыярдуу топ менен иш алып баруу директордун тарбия иштери боюнча орун басары Асаналиева А.Ж.га жүктөлсүн.
4. Эвакуация боюнча машыгуулар мектептин планына ылайык жылына 2жолу (жаз, куз айларында) өткөрүлсүн.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмолдөөнү өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Сүйүндүкова Ч.С.

Бекитемин:

Сеит Кулматов атындагы Жаны-Арык

Жалпы орто билим берүү мектебинин

Директору: Кундукова Ч С

«10» сентябрь 2022-жыл

- **Сеит Кульматов атындагы Жаны-Арык жалпы орто билим берүү мектебинде өрт коопсуздугу боюнча окуучулардын арасында окуу- тарбия иштерин өткөрүү жөнүндө иш-чаралар.**

| № | Иш чаралар | Мооноту | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | «Мектепти өрткө каршы шаймандар менен камсыз кылуу» ишин жүргүзүү | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 2 | Мектептин чатырынын жыгачтарын ортко каршы акиташтын суусу менен актап чыгуу | Ремонт учурунда | Жанайбаева .Ж. |
| 3 | Мектеп ичиндеги суу кетчу жерлерди ачык коюу жана өрткө каршы тепкичтерди бош коюу | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 4 | Электр иштерди ПУЭ ПТЭП-П 101 | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 5 | №1 11-4-2,1 орт очургучторду камсыз кылуу | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 6 | ОХПВП-10 2шт. ОУ 1 шт . лом 2 шт. богров 2 шт. курок 2шт | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 7 | Өрт өчүргүчтөрдү ондотуп жана даяр кармоо | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 8 | Өрткө каршы системасын мугалимдерге жана окуучуларга практика жузундо үйротуу | Дайыма | администрация |
| 9 | Өрткө каршы инструкцияны иштеп чыгуу, агаг карата ар бир корпуска планды илуу,окуучуларды эвакуациялоо | Планды илип коюу | Жанайбаева.Ж. |
| 10 | Мугалимдер арасында кол коюу менен 1жылда 2жолу инструктаж отуу | Сентябрь,январь | Асаналиева.А.<br>Осконбаев.А. |
| 11 | Өрткө каршы телефон аппаратынын жанында «Орт чыккан мезгилде 101ге чалыныз!» деген табличка илип коюу | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 12 | Өрткө каршы бурчтарды уюштуруу | Дайыма | Класс жетекчилер |
| 13 | Массалык мероприятие отуудо дежурствонун графигин илуу жана ага жооп берчу адамдар менен бирдикте инструктаж отуу | Дайыма | Завуч организатор<br>Кл.жетекчилер |
| 14 | Колго жасалган үй жылыткычтардын жана тамак жасаган П-11, 1-0,5 ти пайдаланууга болбостугун тушундуруу | Дайыма | Адмиристрация |
| 15 | Өрткө каршы чон учаскаларга жооптуу адамдарды буйрук менен тааныштыруу жана бекитуу | Сентябрь | Адмиристрация |
| 16 | Котельныйдын ичин Орт очуруучу ОУ-5, ток откорбогон килемче жана ток электро проводдор,ПУЭ менен камсыз кылуу | Ноябрь,декабрь,январь,февраль | Жанайбаева.Ж, |
| 17 | Тышкы сеттерди суу менен камсыз кылуу жана П-11-4-3-1 алдын ала коргоо | Дайыма | Жанайбаева.Ж. |
| 18 | Эвакуациялык жолтоо болбоочу ар кандай заттарды койбоо жана кулпу менен бекитпоо | дайыма | Жанайбаева.Ж. |

Тарбия иштерин уюштуруучусу: Асаналиева А.Ж

Соц педагог: Шыгева Б.К

Бекитемин:

Сеит Кульматов атындагы Жаңы-Арык

жалпы орто билим берүү мектебинин

директору: Суйундукова Ч.С

"10" ____________ 2022-жыл.

## Сеит Кульматов атындагы Жаңы-Арык жалпы орто билим берүү мектебинин өрт коопсуздугу боюнча окуучулар арасында окуу- тарбия иштерин өткөрүү жөнүндө иш-чаранын планы.

| № | Аткарыла турган иштер | мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Мекемелерди өрткө каршы шаймандар менен камсыз кылуу ишин жүргүзүү | дайыма | Жанайбаева Ж |
| 2 | Мектеп ичиндеги суу кетчү жерлерди ачык коюу | дайыма | Жанайбаева Ж |
| 3 | Өрт өчүргүчтөр менен камсыз кылуу | дайыма | Жанайбаева Ж |
| 4 | ОХПВП-10 2шт .ОУ 1шт. Лом 2 шт. Богров 2 шт.чака 2шт.күрөк 2 шт. | дайыма | Жанайбаева Ж |
| 5 | Өрт өчүргүчтөрдү оңдоп жана даяр кармоо. | дайыма | Жанайбаева Ж |
| 6 | Өрткө каршы рукаваларды , стволдорду ,бекитүүчү гайкаларды толуктоо | дайыма | Жанайбаева Ж |
| 7 | Өрткө каршы системасын мугалимдерге жана окуучуларга практика жүзүндө үйрөтүү | дайыма | адинистрация |
| 8 | Өрткө каршы инструкцияны иштеп чыгуу,ага карата ар бир корпуска планды илүү | Планды илүү | Класс жетекчилер |

Тарбия иштерин уюштуруучусу: Асаналиева А.Ж

Соц педагог: Шыгаева Б.К

Бекитемин:

Сеит Кульматов атындагы Жаңы-Арык жалпы

Орто били берүү мектебинин

Директору [signature] Жумундукова Ч.С

"__" ________ 2022-жыл

# Сеит Кульматов атындагы Жаңы-Арык жалпы орто билим берүү мектеби боюнча "Өрткө каршы" иш-чараларды өткөрүү жана обьектилерди сактоо боюнча иш-чаралар.

| № | Аткарыла турган иштер | мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын арасында өрт боюнча дайыма түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | дайыма | Класс жетекчилер |
| 2 | КР билим берүү министрлигинин "Өрткө каршы"иш-чараларды өркүндөтүү жана обьектилерди сактоо боюнча буйругун жетекчиликке алуу | дайыма | Администрация |
| 3 | Огнетушителдерге зарядка берүү,өрткө каршы колдонуучу инвентарларды толуктап туруу. | Жыл ичинде | Тарбия иштерин уюштуруучусу |
| 4 | "Өрткө каршы" текст даярдап 1-11-класстарга жатжазуу,дилбаян жаздыруу | учурунда | Кыргыз тилчилер |
| 5 | Өрткө каршы иш-чараларга өзгөчө көңүл буруу госпожнадзордун эскертүүлөрүн убагында оңдөө. | учурунда | Тарбия иштерин уюштуруучусу |
| 6 | Өрткө карата эвакуациянын пландарын окуучулардын өздөштүрүүсүнө жетишүү | учурунда | Класс жетекчилер |
| 7 | Проводдорду карап чыгуу,ачык точкалардын болушуна жол бербөө. | дайыма | Электрик |

Тарбия иштерин уюштуруучусу: [signature] Асаналиева А.Ж

Соц педгог: [signature] Шыгаева Б.К

Бекитемин:

Сейт Кульматов атындагы Жаны-Арык

жалпы орто билим беруу мектебинин

директору: Суйундукова Ч.С

«20» сентябрь 2022-жыл

# Сейт Кульматов атындагы Жаны –Арык жалпы орто билим беруу мектебинде «Өртко каршы» иш-чараларды өркундөтуу жана обьектилерди сактоо боюнча иш- чаралар.

| № | Иш-чаралар | мөөнөтү | жооптулар |
|---|---|---|---|
| 1 | К.Р Билим беруу жана илим министирлигинин «Өрткө каршы» иш чараларды өрткундөтуу жана обьектилерди сактоо боюнча буйругун жетекчиликке алуу. | Дайыма | Мугалимдер жамааты |
| 2 | Өрт боюнча окуучулардн арасында дайыма тушундуруу иштерин жандандыруу. | Учурунда | Асаналиева.А. |
| 3 | Ыктыярчылар тобунун составын жаңылатуу иштерин жандандыруу. | Учурунда. | Асаналиева.А. |
| 4 | Өрткө каршы иш чараларга өзгөчө көнул буруу госпожнадзордун эскертуулорун убагында ондоо | Учурунда. | Өскөнбаев.А. |
| 5 | Өрт өчургучтөрду зарядка беруу өрткө каршы шаймандарды толуктап туруу. | Учурунда. | Класс жетекчилер |
| 6 | Окуучуларга өрткө карата текст даярдап диктант,изложения жаздыруу. | Учурунда. | Класс жетекчилер |
| 7 | өрткө карата эвакуацияланганы пландарын окуучулардын өздөштуруусунө жетишуу. | Учурунда | Асаналиева.А. |
| 8 | Электр проводдорун карап чыгуу,ачык точка болбошуна жол бербоо. | Ар дайым | Усөнов.К. |
| 9 | Коопсуздук журналына мугалимдер арасында кол коюу менен инструктаж отуу. | сентябрь | Асаналиеа.А. |
| 10 | Өрткө каршы бурчтарды уюштуруу. | Дайыма | Класс жетекчилер |
| 11 | Массалык меропририятие өтуудө дежурствонун графигин тузуу жана ага жооп берчу адамдар менен бирдикте инструктаж отуу | Дайыма | Асаналиева.А. Класс жетекчилер |
| 12 | Колго жасалган уй жылыткычтарын жана плиткаларды пайдаланууга болбостугун тушундуруу | Ар дайым | Мектеп администрациясы |
| 13 | Өрткө каршы чон учаскаларга жооптуу адамдарды буйрук менен таныштыруу жана бекитуу | Учурунда | Суйундукова.Ч. |
| 14 | Тышкы сеттерди суу менен камсыз кылуу | Дайыма | Асаналиева.А. |
| 15 | Эвакуациялык жолдорго жолтоо болбоочу ар кандай заттарды койбоо | Дайыма | Асаналиева.А. |

Тарбия ишерин уюштуруучусу: Асаналиева А.Ж

Соц педагог: Шыгаева Б.К

Бекитемин:

Сеит Кульматов атындагы Жаны-Арык жалпы

орто билим беруу мектебинин

Директору: Куйундукоа Ч.С

«10» сентябрь 2022-жыл

**Сеит Кульматов атындагы Жаны-Арык жалпы орто билим беруу мектебиндеар кандай өрт,жер титирөө болуп калса окуучуларды эвакуациялоо планы.**

| № | Аракеттенуунун этаптары | Аракеттенуунун тартиби | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Өрт жөнундө билдируу | өрт көрөрунөр менен токтоосуз ошол замат пожардык блокту чакыруу керек (пожардык блок 101 телефону менен чалат жана жергиликтуу ыктыярдуу пожардык дружинага билдируу керек. | Ким биринчи көрсө жана дежурный мугалимдер. |
| 2 | Мектептин куйгөн зданиясынан Окуучуларды эвакуациялоо ар кандай варианттарда эвакуациялоонун тартиби. | өрттун болуп жаткандыгын Көрөөрун менен баардык Окуучуларды коридорлор жана эшиктер менен тышка чыгаруу керек. | Администрация |
| 3 | Журналдагы тизме менен мектептин зданиясынан эвакуацияланган окуучуларды салыштырып текшеруу. | Мектептин зданиясынан эвакуацияланган баардык окуучулар саналып,чыгарылат жанан ар бир класстын тизмеси менен фамилиясынан чакырылып текшерилет. | Администрация |
| 4 | Эвакуацияланган окуучуларды жагаштыруу пункту. | Коопсуз жерге жайгаштыруу | Администрация |
| 5 | Пожардык блок(ДПД)келгенче тейлөөчу кызматкерлери тарабынан пайда болгон өртту өчуру. | Пожарды билип көрөру менен окуучуларды эвакуациялоодон мектептин бардык кызматкерлери тарабынан өртту өчуруу уюштурулат жана өчуруле берет.өртту өчуруу учун мектепте болгон өртту өчуруучу каражаттардын бардыгы пайдаланылат. | Администррация |

Тарбия иштерин уюштуруучусу: Асаналиева А.Ж

Соц педагог : Шыгаева Б .К

"Бекитемин"
Сейт Кульматов атындагы Жаңы-Арык
жалпы орто билим берүү мектебинин
директору: ________ Сүйүндүкова Ч.С.
"29" сентябрь 2022-жыл

## "Эмгекти коргоо" боюнча маалымат.

**Киришуу нускама** (Вводный инструктаж)

**Эмгекти коргоо** - өзүнө укуктук, социалдык-экономикалык, уюштуруу-техникалык, санитардык-гигиеналык, дарылоо-профилактикалык, реабилитациялык жана башка чараларды камтуучу эмгек процессинин жүрүшүндө кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо боюнча чаралардын тутуму;

**эмгек шарттары** - кызматкердин эмгекке жарамдуулугуна жана ден соолугуна таасир берүүчү өндүрүштүк чөйрө менен эмгек процессиндеги факторлордун жыйындысы;

**жумуш оруну** - иштөөчүлөрдүн эмгек процессинде туруктуу же убактылуу орду;

**коопсуз эмгек шарттары** - иштеп жаткандарга зыяндуу же коркунучтуу таасири жок, болбосо таасир этүү деңгээли белгиленген ченемден ашпаган эмгек шарттары;

**өндүрүштүк жаракат** - кызматкердин, анын өндүрүштук ишине байланыштуу ордуна, убактысына жана кызматкердин катышуу даражасына карабастан, алган кандай болбосун жаракаты

**эмгек гигиенасы** - кызматкерлердин ден соолугун сактоо, өндүрүштүк чөйрөнүн жана эмгек процессинин жагымсыз таасирлеринин алдын алуу боюнча санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы чаралардын жана каражаттардын комплекси;

**өндүрүштүк санитария** - өндүрүштүк факторлордун кызматкерлерге тийгизген зыяндуу таасирине бөгөт коюучу же аны азайтуучу санитардык-гигиеналык уюштуруу иш-чараларынын жана техникалык каражаттардын системасы;

### Киришуу нускама отуу

**Эмгекти коргоо боюнча окууларды откоруу**

Бардык кызматкерлер учун, ошондой эле башка ишке которулган бардык кабыл алынган кызматкерлер учун, иш сапары менен келгендер учун, тузумдук болумдордон которулган кызматкерлерди иш беруучу (же ал ыйгарым укук берген адам) эмгекти коргоо боюнча нускама беруугo милдеттуу. Эмгекти коргоо боюнча окууларды откоруу «Эмгектик укуктук мамилелерин жоного салуучу КРнын мыйзамдырынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштелип чыккан жана белгиленген тартипте бекитилген программага ылайык жетекчи тарабынан жургузулот. Кызматкердин алган билимин ооз эки текшеру менен нускама журналына кол коюлат. Жаныдан дайындалган жетекчилерге жана адистерге нускама менен таанышкандан кийин ишке киришууго уруксаат берилет.

**Кызматкерлердин журум-турумунун жалпы эрежелери:**

- Мекеменин аймагынын чегинде , ички негизги жана комокчу жайларда басып бара жатканда шашууга тыюу салынат ошондой эле анын ичинде административдик телкичтеринде, мекеменин коридорлорунда тузумдук болумдордун жайларында чуркоого тыюу салынат.
- Коомдук жайларда туура иштеген жабдууларды гана колдонууга милдеттуу, аларды пайдалануу эрежелерине ылайык (диспенсерлер, крандар, унитаз ж.б) эгер жабдууларда бузулуу аныкталса тезинен жетекчиге же бул жабдуулар учун жооптуу техникалык тейлоо кызматына билдируу керек
- Кызматкер иш учурунда сыртка чыгуу (алыс жолго), ошндой эле мекеменин аймагынан сырткары чыгуу тапшырмалары менен иштеген учурларда жолдо журуу эрежелерин сактоого милдеттуу (айдоочу учун да, жоо жургунчу учун да).
- Жоо журуудо кызматкер жоо жургунчулор учун жолдо журуу эрежелерин сактоого милдеттуу: жолдон кесип отуу болугунон же темир жолдон отжондо атайын белгиленген жоо адамдар учун отуучу отмоктордо, копуролрдо светофорлордун жетегинде отунуз.
- Светофор, атайын жоо адамдар учун отмоктор, копуролор жок болсо, жолдун жээгинде турганда (тротуар жок болгон учурда) келе жаткан транспортту коргондо кызматкер коопсуз орунда турушу керек. (анткени унаанын донгологунун астынан таш кайра которулуп кетиши мумкун)
- Коомдук транспортто жургондо, анда коопсуз журуунун эрежелерин сактаныз: транспорттун салонунда ары бери жылууда кармагычтан карманыз,ошондой эле аялдамаларда жана транспорттук жайларда гана кириниз жана чыгыныз (секирип чыкпаныз жана секирип кирбениз)
- Кызматкерлердин журум – турумунун жалпы эрежелери баардыгы учун милдеттуу жана кынтыксыз аткарылуусу шарт.

**Орт коопсздугу**

Орт коопсздугу жалпы коллективдуу коргонууга тиешелуу. Мекеме атайын ылайыкташтырылган орт очуруучу жана элди эвакуациялоо каражаттары менен камсыздашы керек. Кызматкерлер орт коопсуздугун эрежелерин сакташы керек (тамекини атайын белгиленген жерде чегуу керек)

Эгер орт чыгып кетсе эвакуация планын колодонуп чыгарылыш керек, орт очуруучу каражаттарды туура колдонуу керек.

Кенселердин, жайлардын, жабдуулардын ортко каршы абалда иштеши учун жоопкерчилик директорго жана тузумдук болумдордун башчысына жуктолот.7

**Жабырлануучуга биринчи (медицинага чейинки) жардам.**

1. **Электр тогуна урунуу.** Чыналуу астында ток откоруучу болукторго тийуу, булчундардын эрксиз жыйрылышын шарттайт. Эгер жабылануучу зымадын жыланач болугун колу мененкармаса, натыйжада манжалары ото катуу кысып кармап алат, зымды колунан чыгарууга мумкун эмес. Жабырлануучу кармаганды уланта берсе, жабдуулардын ошол болугун тез очуруш керек. Аны ток откоргучтон ажыратуу учун кургак кийимди, арканды, таякты, же электр тогун откорбогон башка кургак нерселерди колдонунуз.эгерде жабырлануучунун жашоо белгилери (дем алуу, тамырдын согушу) жок болсо аны олду деп эсептоого болбойт. Мындай абалда жабырлануучуга тез арада биринчи жардам жасалма дем алдыруу жана

журоктун сырткы (кыйр) массажды узгултуксуз дарыгер келгенге чейин жасоо керек.

2. **Тышкы кан агуулар**. Кан агууну токтотуу учун:
   А) жарадар болгон мучону которуу;
   Б) кансыраган жараатты тануу керек. Ал учун буктолгон материалдын туйунчогу менен жаап, устунон ылдый басуу керек. Жарааттын озуно тийбестен ушундай абалда 4-5 мунот карманыз. Эгер кан токтобосо башка материал менен таныл коюу керек.

3. **Куйуу жаракатын алуу**
   Куйук уч даражага болунот, женил кызаруудан баштап, теринин клеткалары олуп катып калууга чейинки оор абал болуп. Катуу куйукто жабырлануучудан койнок, бут кийимдерди кылдаттык менен чечиш керек. Эгер кыйын болсо кесип салуу керек. Куйук жараты булганып, ириндей баштайт жана копко чейин айыкпайт. Ошондуктан теринин куйгон жерине колунуз менен тийбениз же ар кндай мазьдар, вазелин менен майлоого болбойт. Куйуп калган жерди башка жаракаттардай эле стерилдуу же утуктолгон материалды коюп, бекем тануу керек. Бул процедурадан кийин жабырлануучу медициналык мекемеге жонотулушу керек.

4. **Ушук алуу.** Ушук болгон учурда дененин тонгон жерлерин кар менен суртууго болбойт. Бул учун кургак кол каптарды же кездемелерди колдонунуз. Болмонун ичинде чакага же тазикке бутту болмо температурасындагы суугa салып, акырындук менен жылуу суу кошуп 37 С жеткируу керек.качан ушугон жер кызарып баштаганда ал жерди май менен, борный мазь менен сыйпап бинт менен таныл, жун, кездеме менен жылулоо керек.
5. **Сынык жана чыгып кеткен** учурда биринчи жардам корсотуунун негизги милдети болуп жабыркаган буттун тынч жана эн ынгайлуу абалын камсыз кылуу болуп саналат
6. **Козго ботон нерселер** тушуп кетсе, таза суу менен же бор кислотасынын эритмеси аралашкан суу менен жуу керек. Козду ушалабоо керек.
7. Жабырлануучу **эси ооп** калганда (баш айлануу, журок айлануу, кокуроктун кысылышы, аба жетишсиздиги, коздорунун карангылашы) башын алдый кылып, бутун ойдо которуп жаткырып, муздак суусундук берип, нашатыр спиртине нымдалган кебезди жытаттуу керек. Башка сууланган кездемени же музду коюуга болбойт. Жабырлануучуну насилкага салып кортруу сунушталат. Эгер омуртка жабыркаса же жаак согу сынып кеткен болсо жабырлануучуну ылдый каратып жаткыруу сунушталат.

**Биричи жардам корсотуудо томонкулорду так сактоо керек:**

- Жараатты суу менен жжуганга болбойт жада калса эч кандай дары, мазь менен жабуу болбойт. Ириндеп, тез айыгууга тоскоол болот
- Жарааттан уюган канды алып салуу туура эмес, анткени бул кайра оор кан агууга алып келиши мумкун
- Жараны изоляциялоочу скотч менен танууга болбойт. Аптечкадан стерилдуу материал же бинт менен тануу керек.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2003-жылдын 1-августу № 167

**Эмгекти коргоо жөнүндө**

КРнын Эмгекти коргоо жонундо Мыйзамы жумуш берүүчүлөрдүн жана кызматкерлердин ортосунда эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуунун укуктук негиздерин белгилейт жана эмгек процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоонун талаптарына туура келүүчү эмгек шарттарын түзүүгө багытталган (1-берене)

Эмгекти коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинен, ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат (2- берене)

Ушул Мыйзамдын иш-аракети төмөнкүлөргө караштуу:

- иш берүүчүлөргө;
- иш берүүчүлөр менен эмгектик мамиледе турган кызматкерлерге;

Эмгек процессинде кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоого багытталган эрежелер, жол-жоболор жана критерийлер (мындан ары - эмгекти коргоо талабы) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет (3- берене – эмгекти коргоонун талаптары)

**Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары:**

Эмгекти коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- иш берүүчүнүн өндүрүштүк иштеринин натыйжасына жараша кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо артыкчылыгын камсыздоо;
- Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле эмгек шарттарын жакшыртуунун жана коргоонун республикалык жана аймактык максаттуу программаларын кабыл алуу жана ишке ашыруу;
- эмгекти коргоо жаатындагы иш-аракеттерди координациялоо;
- эмгек шарттарын жакшыртуу жана коргоо боюнча ата-мекендик жана чет мамлекеттик алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу;
- эмгекти коргоо боюнча адистерге кызматкерлерди квалификациясын жогорулатууга катыштыруу;

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө саясатты иштеп чыгуу боюнча Ак- Суу райондук ББнун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- эмгекти коргоо чөйрөсүндө билим берүү тармагындагы жобону иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- эмгекти коргоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана алардын ишке ашырылышын камсыз кылуу;

- өндүрүштүк жаракаттардын жана кесиптик оорулардын абалын жана себептерин талдоого катышуу, аларды алдын алуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- кызматкерлердин эмгек укуктары жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, иш берүүчүлөрдү жана кызматкерлерди эмгекти коргоо боюнча окутууга көмөк көрсөтүү.

Эмгекти коргоо чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын жана эмгекти коргоо маселелери боюнча башка ченемдик укуктук актылардын сакталышына белгиленген тартипте көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу;

- балдар эмгегинин пайдаланылышына белгиленген тартипте контролдоону жүзөгө ашыруу;

- табылган тартип бузуулардын жагдайларын, себептерин талдоо, аларды четтетүү жана эмгекти коргоо чөйрөсүндө жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү боюнча контроль жүргүзүү;

**Кызматкерлердин эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген шарттардагы эмгекке болгон укугу (6-берене)**

Ар бир кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:

- эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген жумуш орунга;

- Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык өндүрүштөгү кырсыктардан жана кесиптик оорулардан милдеттүү социалдык камсыздандырууга;

- жумуш орунундагы эмгекти коргоо жана анын шарттары жөнүндө, ден соолукка зыян келүү тобокелдигинин орун алгандыгы тууралу, ошондой эле зыяндуу жана коркунучтуу өндүрүштүк факторлордун таасиринен коргонуу жайлары жөнүндө иш берүүчүдөн, тиешелүү мамлекеттик органдардан жана коомдук уюмдардан такталган маалымат алууга;

- кызматкерлердин эмгекти коргоо талаптарына ылайык жекече жана жамааттык коргонуу каражаттары менен иш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен камсыз болууга;

- мыйзамда каралган учурлардан тышкары, эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун кесепетинен кызматкердин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болгон учурда, мындай коркунуч четтетилгенге чейин жумушта иштөөдөн баш тартууга;

- эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук талаптарына ылайык келбегендиктин кесепетинен жумуш орду жоюлган учурда, иш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен кесиптик даярдыктан кайра өтүүгө;

- өзүнүн жумуш ордундагы эмгектин шарттарын жана корголушун текшерүүнү жүргүзүү жөнүндө суроо-талап берүүгө;

- эмгекти коргоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, иш берүүчүгө, иш берүүчүлөр бирикмелерине, ошондой эле кесиптик бирликтерге, алардын бирикмелерине жана кызматкерлердин башка өкүлчүлүктүү органдарына кайрылууга;

- жеке катышууга же өзүнүн ишенимдүү адамдары аркылуу, анын жумуш ордунда коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылууга байланышкан маселелерди кароого, жана ал чалдыккан өндүрүштүк кырсыкты же кесиптик ооруну териштирүүгө катышууга;

- медициналык сунуштоолорго ылайык көрсөтүлгөн медициналык кароодон, жумуш орду (кызматы) жана орточо эмгек акысы сакталуу менен, кезексиз медициналык кароодон (текшерүүдөн) өтүүгө;

- эгерде ал эмгек шарттары оор жумуштарда жана эмгектин зыяндуу же кооптуу шарттарындагы жумуштарда иштесе, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, жамааттык келишимде (макулдашууда), эмгек келишиминде белгиленген жеңилдиктерди жана компенсацияларды алууга.

**Эмгекке болгон укуктук кепилдиктер (7- берене):**

Мамлекет эмгекти коргоо талаптарына ылайык келген жана өндүрүштүк санитария шарттарында кызматкерлердин эмгекке болгон укугун коргоого кепилдик берет.

Кызматкер жекече же жамааттык коргонуу каражаттары (ченемдерге ылайык) менен камсыз болбогон учурда, иш берүүчү кызматкердин эмгек милдеттерин аткарууну талап кылууга укуксуз жана ушул себептерге байланыштуу токтоп калуу убактысы үчүн Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык акы төлөп берүүгө милдеттүү.

Кызматкер, эмгекти коргоо талаптарынын бузулушунун болбосо эмгек келишиминде каралбаган эмгек шарттары оор жана зыяндуу же коркунучтуу иштерди аткаруунун кесепетинен анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда болгон учурда иш аткаруудан баш тартса, бул учурда аны дисциплинардык жоопкерчиликке тартууга, болбосо иш берүүчүнүн демилгеси боюнча эмгек келишимин бузууга алып келбейт.

Эмгек милдеттерин аткаруу мезгилинде кызматкердин өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келген учурда, келтирилген зыяндын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо мыйзамдарынын бузулушун алдын-алуу жана четтетүү максатында мамлекет эмгекти коргоо талаптарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо жагын уюштурууну жана жүзөгө ашырууну камсыз кылат жана көрсөтүлгөн талаптарды бузгандык үчүн иш берүүчү менен кызмат адамдарынын жоопкерчилигин белгилейт.

**Оор жумуштарды жана эмгек шарттары зыяндуу же коркунучтуу жумуштарды аткарууну чектөө (8-берене)**

Оор жумуштарда жана эмгек шарттары зыяндуу же коркунучтуу жумуштарда аялдар менен жашы он сегизге жетпеген адамдардын, ошондой эле ден соолугуна байланыштуу аталган жумуштарда иштөөгө мүмкүн болбогон адамдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

Аялдар менен жашы он сегизге жетпеген адамдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынуучу оор жумуштардын жана эмгек шарттары зыяндуу же коркунучтуу жу

муштардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

**Эмгекти коргоону камсыз кылуу (9- берене)**

Кызматкерлеринин саны 50дөн ашкан өндүрүштүк иш жүргүзүүчү ар бир уюмда эмгекти коргоону жана өндүрүштүк санитария талаптарын сактоону, анын аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырууну камсыз кылуу максатында эмгекти коргоо кызматы түзүлөт же бул жаатында тиешелүү даярдыгы же иш тажрыйбасы бар эмгекти коргоо адисинин кызматы киргизилет.

50 жана андан кем кызматкерлери бар уюмдарда эмгекти коргоо кызматын түзүү же эмгекти коргоо боюнча адистин кызматын киргизүү, бул уюмдун өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен иш берүүчү тарабынан кабыл алынат.

Уюмда эмгекти коргоо кызматы (эмгекти коргоо боюнча адис) жок болгон учурда, иш берүүчү адистер же эмгекти коргоо жаатында кызмат көрсөтүүчү уюмдар менен келишим түзө алат.

**Коопсуз эмгек шарттарын жана эмгекти коргоону камсыз кылуу боюнча Ак- Суу райондук ББнун (иш берүүчүнүн) милдеттери:**

Болумдо коопсуз эмгек шарттарын жана эмгекти коргоону камсыз кылуу боюнча милдеттер иш берүүчүгө жүктөлөт.

Иш берүүчү төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

- кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын пайдалануусун;

- ар бир жумуш орунунда эмгекти коргоо талаптарына ылайык эмгек шарттарын;

- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин эмгек жана эс алуу режимин;

- иш аткаруунун коопсуз усулдарын жана окутууга, эмгекти коргоо боюнча нусколоого, кызматкерлерди жумуш орундарында стажировкалоого жана алардын эмгекти коргоо эрежелери менен ченемдери боюнча билимин текшерүүгө;

- жумуш орундарындагы эмгек шарттарынын абалына, ошондой эле кызматкерлердин жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонуусуна контролдукту уюштурууга;

- кызматкерлерди өз каражаттарынын эсебинен милдеттүү түрдө алдын-ала (ишке кирерде) жана мезгил-мезгили менен (иш процессинин жүрүшүндө) медициналык кароодон (текшерүүдөн), медициналык сунуштоолорго ылайык кезексиз медициналык кароодон (текшерүүдөн) өткөрүүгө, алардын өтүнүчү боюнча жумуш ордун (кызматын) жана орточо эмгек акысын, аталган медициналык кароодон өтүү учурунда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте сактоого;

- кызматкерлерди милдеттүү медициналык кароодон өтмөйүнчө, ошондой эле медицикалык каршы көрсөтмөсү болгон учурда, алардын эмгек милдеттерин аткарууга киргизбөөгө;

- кырсыктуу жагдайларды болтурбоо, мындай жагдайлар болгон учурларда кызматкерлердин өмүрүн жана ден соолугун сактоо, анын ичинде жапа чеккендерге биринчи жардам көрсөтүү чараларын көрүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгилеген тартипте өндүрүштөгү кырсыктарды жана кесиптик ооруларды териштирүүгө;

- эмгекти коргоо талаптарына ылайык кызматкерлерди санитардык-тиричилик жана дарылоо-профилактикалык жагынан тейлөөгө;

- кызматкерлерди өндүрүштөгү кырсыктардан жана кесиптик оорулардан милдеттүү социалдык камсыздандырууга;

- кызматкерлерди эмгекти коргоо талаптары менен тааныштырууга;

**Кызматкердин эмгекти коргоо жаатындагы милдеттери (12- берене)**

Кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- эмгекти коргоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоого;

- иш берүүчү тарабынан белгиленген Эмгектик ички тартип эрежелерин сактоого;

- жекече жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонууга;

- иштерди аткаруунун коопсуз усулдары менен ыктарын окуп-үйрөнүүгө, эмгекти коргоо боюнча нускоодон, жумуш орунунда стажировкадан жана эмгекти коргоо эрежелери жана ченемдери боюнча билимин текшерүүдөн өтүүгө;

- адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган кандай гана кырдаал болбосун, өндүрүштө болуп өткөн ар бир кырсык жөнүндө, же өзүнүн ден соолугунун начарлашы тууралу, анын ичинде кесиптик оорунун курч мүнөздөгү белгилеринин пайда болушу жөнүндө түздөн-түз өзүнүн же жогоруда турган жетекчисине ошол замат билдирүүгө;

- алдын-ала (ишке киргенде) же мезгилдүү (иштин жүрүшүндө) медициналык кароолордон (текшерүүлөрдөн) милдеттүү түрдө өтүүгө.

**Эмгекти коргоо боюнча окутуп-үйрөтүү жана кесиптик даярдык (15-берене)**

Уюмдун бардык кызматкерлери, анын ичинде жетекчиси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте эмгекти коргоо боюнча окуудан жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимин текшерүүдөн өтүүгө милдеттүү.

Бардык жумушка кирүүчү жактар, ошондой эле башка ишке которулуучу адамдар үчүн, иш берүүчү (же анын ыйгарым укуктуу өкүлү) эмгекти коргоо боюнча нускалоо жүргүзүүгө, иш аткаруунун коопсуз усулдары менен ыктарын жана жапа чеккендерге биринчи жардам көрсөтүүлөрдү окутуп-үйрөтүүнү уюштурууга милдеттүү.